3-бөлім

ШЕТЕЛДІК ӘРІПТЕСТЕРДІҢ МАҚАЛАЛАРЫ

Раздел 3

СТАТЬИ ЗАРУБЕЖНЫХ КОЛЛЕГ

Section 3

ARTICLES OF FOREIGN COLLEAGUES

ӘОЖ 316.47

К. Исаев

КТМУ Кыргызстан эл мугалими Эл аралык социологиялык
Ассоциациянын мүчөсү Кыргыз социологиялык Ассоциациянын Президенти,
Қырғызстан, Бішкек қ.
E-mail: kuseinisaev@yahoo.com

## Түрк цивилин өркүндөтүүдө идентештирүүнүн мааниси жөнүндө

Осы мақаланың шегінде түрік өркениетінің тарихи орны мен рөлі ғаламдық әлемде талданады. Тарихи деректерге негізделіп, осы түрік өркениетімен көшпенді халықтың әлемдік мәдениетке, ғылым мен адам дамуына қосқан үлесі зор. Автордың басты ойы, жаһандану мен батыс өркениетіне еліктеушілік жағдайында, түрік елінің болашағы өркениеттің бірегейлік қалыптасуында деп айтады. Сол үшін, түркі елдерінің халықаралық қатынастарын жаңа деңгейде қалыптастыру керек.

**Түйін сөздер:** түркі әлемі, көшпенді өркениет, жаһандану, өркениеттік бірегейлік.

К. Исаев

**О значении идентификации в развитии тюркской цивилизации**

В рамках настоящей статьи анализируется историческое место и роль тюркской цивилизации в глобальном мире. На исторических фактах обосновывается огромный вклад тюркской цивилизации и кочевых народов в мировую культуру, науку и в целом в человеческий прогресс. Центральной мыслью автора является то, что в условиях глобализации и доминирования западной цивилизации будущее тюркского мира зависит от формирования общей цивилизационной идентичности. Для этого необходимо поднять международные взаимоотношения тюркоязычных государств на качественно новый уровень.

**Ключевые слова:** тюркский мир, кочевая цивилизация, глобализация, цивилизационная идентификация и идентичность.

K. Isaev

**Theory of Identity and Identifications Issues, its Future**

In the framework of this article analyzes the historical place and role of Turkic civilization in the global world. Historical facts justified the huge contribution of Turkic civilization and nomadic peoples of the world culture, science, and in general to human progress. Central idea of the author is that in the context of globalization and the dominance of Western civilization, the future of the Turkic world depends on the formation of a common civilizational identity. To do this, raise the international relations of Turkic states to a new level.

**Key words:** Turkic world, nomadic civilization, globalization, civilizational identity and identification.

© 2014 Al-Farabi Kazakh National University

**Киришүү**

Кыргыз-Түрк Манас университетинин адрестүү ишмердүүлүгү менен XXI кылымдын башталышыда «түрк дүйнөсү», «түрк биримдиги», «түрк цивили» деген ыйык түшүнүктөргө жаңыча кыймыл кире баштады. Анткени, көп кылымдардан кийин бул түшүнүктөр Кара деңизден түндүктү көздөй өтүп, Евразия кең мейкиндигинде мыйзамдуу ордун ээлей турган аракеттери бар. Мындай өзгөрүүлөрдүн тарыхый себептери мол. XX кылымдын биринчи чейрегинде Ататүрк Мустафа Кемалдын жетекчилиги менен элдик революция жеңип, Халифат жоюлушу менен дээрлик 6 кылым үстөмдүк жүргүзгөн Осмон империясынын жашоосу бүтүп, дүйнөнүн саясый картасында Түркия Республикасы пайда болот. Жаңы түзүлгөн Түркия мамлекетинин Президенти Ататүрк Мустафа Кемал жаңы тарыхый шартта түрк элдеринин жаркыраган келечекке жолун тактоо менен «Түркия эмне кылуу керектигин билүү керек... тили бир, ишеними бир, түбү бир болгон тууғандарыбыз бар. Аларга ээ болууга даяр болуубуз зарыл. Тамырларыбызга кайтуу жана окуялардын бөлгөн тарыхыбыз ичинде бүтүндөшүбүз керек»- деген терең тагдыр чечээр, келечектүү осуятын калтырган. Демек, XXI кылым Евразия кең мейкиндигинде жашаган жалпы түрк элдеринин ынтымагын, биримдигин бекемдеп, түрк цивилин түптөө менен жаңы деңгээлге көтөрүү зарыл. Бул өзү Теңиримдин чакырыгы – ал эми жооп кандай болот? Мындай жаңы татаал маселе түрк элдеринин жалпы жана ар биринин кимдигин, анан келечекте ким болугусу келээрин илимдин жардамы аркылуу тактап, ошондон кийин түрк цивилин түптөөнүн стратегиялык жана тактикалык маселелерин күн тартибине коюу зарыл.

2013-жылдын 2-февралында Кыргы-Түрк Манас Университетинин жалпы жамаатчылыктын жыйында 2023-жылга чейин жогорку билимдүү сапаттуу кесипкөйлөрдү даярдоодо илимдин маани-маңызы эң туура баса белгиленди.

Түрк элдери ким болгон?

XX кылымда ким болду?

Келечекте ким болот?

Бул суроолорго илимдин негизинде жооп даярдап, аларды саясаттын негизинде айлантуу мезгилдин талабы.

I. Дүйнөлүк социалдык илимдерде адамзат коомдорун иликтеп, үйрөнүүнүн эки багыты калыптанып, ар кандай тарыхый шарттарда өзгөчө өнүгүүгө дуушар болушкан. Алар цивилдик жана коомдук-экономикалык формация же социалдык-экономикалык формация деп аталышкан.

XIX-XX кылымдарда жер жүзүнүн алтыдан бир бөлүгүндө адам коомдорун социалдык-экономикалык формацияга бөлүштүрүү үстөмдүк эткен. Бул багыт Германиянын окумуштуусу Карл Маркстын (5.5. 1818-14.3.1883) «Капитал» деген фундаменталдуу эмгегинде иштелип, сунушталган. Коомдук-экономикалык формация – бул коомдун өнүгүшүнүн өзгөчө мүнөздөлгөн, башкалардан айырмаланган тарыхый баскычтардан турган.

Адамзаттын өнүгүшүн жалпылоонун негизинде төмөнкү беш тарыхый прогресске бөлүштүргөн: алгачкы общиналык коомдук түзүлүш; кул ээлөчүлүк коом; феодалдык коом; капиталисттик коом; коммунисттик коом. Маркстын эмгектеринде «Өнүгүүнүн азиялык жолу» деген түшүнүк болгон, бирок ал чечмеленбеген боюнча калуу менен, андан кийинки талаш-тартыштарда да такталбай калган. Марксизмдин теориясы боюнча, саналган өнүгүүнүн беш жолу биринин артынан бири талаптуу кайталанып, өнүгүүнүн төртүнчү деңгээли болгон капиталисттик баскычы коомдук өндүрүштүк өнүгүүнүн акыркысы болуу менен тарыхтын нагыз «адамгерчиликтүү коому» аталган коммунизмге жол ачылмак. Бирок, андай болбой, XX кылымдын акырында коммунизмдин баштапкы баскычы болгон социализм курал колдонбогон согушсуз эле жеңилип, Советтер Союзу аталган кең мамлекет жоюлуп, өнүгүүнүн цивилдик багытына жол ачылды.

Цивилдүүлүк (латын сөзү civilis-жарандык, коомдук, мамлекеттик деп туюндурат) коомдук өнүгүүнүн материалдык жана руханий маданияттын жогорулашын жетишкен деңгээли. Орусча – «цивилизация» деп колдонулат, көнгөн адат боюнча эле, латын, араб, англис тилдеринен келген түшүнүктөрдү, терминдерди, сөздөрдү да орус тилинин мүчөсү «ция» менен кыргыз тилинде XXI кылымда да колдонулуп жүргөнү өтө эле өөн учурайт экен. Цивилдешкен – цивилдин деңгээли – байыркы жапайычылыктан кийинки коомдун тепкичи, азыркы өнүккөн коом ж.б. (Л. Морган) «Цивил» деген сөз XVIII кылымда «маданият» деген түшүнүк катары Францияда акыл менен акыйкатка негизделген коомду атаган, кийин Англиядан XIX кылымдан баштап капитализмди мүнөздөгөн термин катары адабияттарда кеңири колдонулат. Цивилдүүлүк деп – маданияттык өнүгүүнүн баскычы катары

индустриянын, техниканын өскөнүн чоң-чоң шаарларда, элдин үймөктөлгөнүн, бөтөнчүлүгү жок ээрчиме калктардын топтошун жыйналганын атаган. (О. Шпенглер, Ф. Энгельс, Н.Я. Данилевский, А. Тойнби ж.б.) Албетте, дүйнөлүк (Америка, Европа, Азия) өлкөлөрдө «цивил», «цивилдүүлүк» маселелери жана алардын 21-кылымдагы абалы, тагдыры жөнүндөгү талкуулар кийинки кезекте жигердүү жүргүзүлө баштады. Америка Кошмо Штатынын белгилүү окумуштуу социологу Самюэль Хантингтондун XXI кылым өзгөчөлүгү «Цивилдер кагылышы» деген пикири Батыш өкмөттөрүнө берген коңгуроодой кабыл алынды. 2001-жылдын күзүндөгү Нью-Йорк шаарындагы Бүткүл дүйнөлүк көп кабат соода үйлөрүнүн талкаланышы, 2012-жылдын экинчи жарымындагы Африка, Азия өлкөлөрүндөгү (Ливия, Египет, Сирия ж.б.) көп адамдардын өлүмү менен коштолгон кайгылуу окуялардын баары «цивилдердин кагылышы» катары көргөзүү аракеттер болгондугу жашыруун эмес. Африка – Азия өлкөлөрүндөгү кайгылуу окуялардын башталышында Америка үлгүсүндөгү «демократияны орнотуунун» аракеттери экендиги жана С. Хантингтондун цивилдер кагылышуусу теориясынын далили катары дүйнөлүк басмаларда айтылууда.

Чыгышта «цивилдин» теориясын «мамлекет», «коом» деген түшүнүктөрү эң алгачкылардан; европалыктардан бир канча кылым илгери эле болуп майда-чүйдөсүнө чейин изилдеп, «цивил – бул адамзат коомунун жеткен чеги», ал эми «мамлекет-бул адамзат коомунун соңу» «асабийя», «мукаддима» деген парадигмалары менен «коомдук турмуштун табияты тууралу» илимди негиздеген чыгыштын улуу окумуштуусу Ибн-Халдун болгон [8].

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин баштап XX кылым бүт бою цивил теориясын Чыгышка, ошонун ичинде Түрк дүйнөсүнө ылайыкташтырып, иштеткен улуу таланттуу кеменгер, жаңы түрк мамлекетин түзүүчү Ататүрк Мустафа Кемал жана анын осуяттарын колдоочу Түркия Республикасынын аалимдери болду. Ататүрк Мустафа Кемал: «Азыр күндүн чыкканын кандай көрсөм, алыстан бардык чыгыш улуттарынын ойгонгондорун да ошондой көрөм. Көз карандысыздык жана эркиндиктерине жете турган дагы көп бир тууган улуттар бар. Бул улуттар бардык күчтөргө, бардык тоскоолдуктарга карабастан, ар нерсени жеңе алышат жана өздөрүн күткөн бакубат келечекке жетишет» – [1. 419-420 бб.] деген пайгамбардык божомолдоосун 1933-жылы сүйлөгөн сөзүндө жарыяланган. Ал тилек XX кылымдын аягында Советтер Союзунун кулашы менен турмушка аша баштаган Түркия Республикасынын жетекчилери, аалимдери Ататүрк Мустафа Кемалдын осуяттарын жетекчиликке алышып, азаттыкка аттанган түрк мамлекеттерине материалдык, социалдык, психологиялык жардамдарды көрсөтүүдө, ал эми аалимдери (Өндер Гөчкүн, Метин Айдоган, Халюк Таржан ж.б. караңыз: 4) цивилдин жаңы теорияларын жана түрк дүйнөсүнүн элдерине цивилдик өнүгүүнүн тажрыйбасын пропагандалоону башташкан. Атайын, «Евразия баарлашуу платформасы» түзүлүп, адистешкен «Da. Dialog evetle baslar» деген эл аралык маданий – интеллектуалдык журналды көп жылдан бери чыгарат.

Дүйнөнүн башка бөлүгүндө «цивилдер баарлашуу» кыймылы 2003-жылдан баштап күч алууда. Иран мамлекетинин ошол кездеги Президенти Махмуд Ахмадинежад «күч колдонуу», «муздак согуш» же «цивилдер кагылышы» ордуна мамлекеттердин идеологиялык жана саясый саясатына же ишенимине карабастан «цивилдер баарлашуу» саясатын сунуштаган. Бул сунушту БУУнун ЮНЕСКО уюму кабыл алып, акыркы күндөлүк саясатынын тажрыйбалык ишинин маңызына айланткан. Дүйнөнүн ар кандай ишениминдеги аалымдары, дин кызматкерлери, коомдук ишмерлер «цивилдер баарлашуусун» эл аралык форум катары түзүшүп, бир жактуу дүйнөлөрдүн ордуна көп жактуу күчтөрдүн баарлашуусуна жетишүүнү көздөгөн. Ошентип, «цивилдер баарлашуу форуму» он жылдан бери Греция мамлекетинин Родос аралында дүйнөлүк акылмандарын, ойчулдарын, саясатчыларын чогултуп, адамзаттын жаңы цивилдин тартибин, тынччылыкты, ынтымактуу мамилелерди түзүүнүн маселелери талкулоодо. 2011-жылы «Цивилдер баарлашуусунун» Родос форумунда «Түрк көчмөн цивилинин» маселери Кыргыз-Түрк Манас университетинин атынан атайын «Кереге кеңеште» кеңири талкууланды. Демек, XXI кылымдын келечеги «цивилдер баарлашуусунун» жана цивилдик жаратмандыктардын, түрк элдеринин маданиятынын, гүлдөп, ынтымагынын жаңы деңгээлге көтөрүлөөрүнө ишенимди күчөтөт. Ошентип, цивилдер ортосундагы баарлашуу бул ааламдашуу заманындагы мамилелер эркиндиктин, демократиянын, акыйкаттыктын, адилеттүүлүктүн идеалдарына таянган менимче жаңы парадигмаларды жаратуунун ишенимдүү жана сыналган каражаты болмокчу.

II. Түрк элдери ким болгон? Түрк элдери адамзат тарыхын эң байыркысынан баштап XXI кылымга чейин цивилдин ар кандай түрлөрүн түзүп, гүлдөтүп анан алар, коомдун жашоо тиричилик мыйзамдарына байланыштуу жок болуп же цивилдүүлүктүн башка баскычына өтүп турушкан.

Түрк элдеринин адамзаттын эң байыркы пайда болгон улуу Шумер цивилине (б.э.ч. 2400 жылы негизделген) түздөн-түз тиешеси бар экенин XX-XXI кылымдын токтолбогон, билгич, улуу ойчулу Олжас Сулейменов өзүнүн «Шумер-наме» жана «Язык письма» деген тарыхый философиялык, лингвистикалык түптүү эмгектеринде ишенимдүү далилдеген. Шумер жана түрк тилдеринин сөздөрүн, жазууларын салыштырып изилдөө аркылуу, алардын окшоштугун, азыркы тирүү түрк тилдеринин шумер тили менен маданий туугандыгын, шумердик лексика айрым учурларда «түрк лексикасына караштуу экендигин» далилдеген. Түзүлгөн таблицалардын негизинде, шумерлер менен семиттер, хураиттер жана урартуларга караганда шумерлер менен түрктөр маданий жактан жакын жана узак мамиледе болгондугу жөнүндө жыйынтыктаган [2, 530, 542, 548, 556-б., 3, 228-229, 233, 237-238-б.].

«Шумер цивили» гүлдөгөн маданияты, жазуусу жана илимдин өнүккөн деңгээли болгон адамзат тарыхындагы эң байыркы улуу цивили болуу менен өчпөс жана өлбөс эстеликти калтырган.

Жер жүзүндөгү эң байыркы, христиан кудайынан 4 миң жыл мурун семиттик жана индоирандык диндердин энеси болуп калган, байыркы египет табынуусуна таасир этип, философиялык окуу катары пайда болгон түрктөрдүн «Теңирлик» ишениминин мааниси Шумер цивилинде терең болгон. Шумер – түрк мамилелерине өтө терең жана кең таасири болгондугун шумерлерди мүрзөлөрдөн табылган түрктөргө тиешелүү буюмдардын, идиштердин, алтын-күмүштөн жасалган шуру-мончоктор ж.б. далилдөөдө [3, 567, 572, 575-577-бб.]. Демек, байыркы түрктөр көчмөндүк менен катар курулган шаарлар жана отурукташкан калктар менен ымалашып жашагандыгын көп сандаган археологиялык казуулар далилдөөдө.

Түрктөр көчмөндөрү жана көчмөндөр цивили салттуу коомдордун эң байыркы түрлөрүнүн бири. Мал чарбачылыгы Евразия талааларын жердешкен көчмөндөрдүн чарбачылыгынын негизи болгон. Ал социалдык-экономикалык жана саясый мамилелердин бүтүндөй бир курамын түзгөн. Көчмөнчүлүк турмуш Евразиянын улуу талааларында жашаган калктын материалдык маданиятына, руханий байлыктарынын жана маданиятынын калыптанышына, менталитетине жана психологиясына катуу таасир эткен. Түрктөр цивили Евразия мейкиндигиндеги социалдык-экономикалык жана саясый мамилелердин бир бүтүн, цивилдешкен тутуму экендигин ишенимдүү далилдеген изилдөөлөр бар [5-12-20 бб.]. Көчмөндөр цивилизациясынын маселелерин изилдөөчүлөр көчмөнчүлүк тарыхый эволюциянын башкаларга эч окшошпогон жолун басып өткөндүктөн, көчмөндөр дүйнөсүн таануу үчүн жер иштетүүчүлөр цивилизациясынын жана Батыш Европанын чен өлчөмдөрүн пайдалануу таптакыр туура болбой калаарын өзгөчө белгилешет. Көчмөнчүлүк цивили-комплекстүү жана цивилдер аралык мамиле жасоо менен терең жана ар тараптан изилдөөнү талап эткен өтө татаал маселе Совет доорунан кийинки учурда көптөгөн баалуулуктар, илимий мамилелер, концепциялар кайра каралып, көчмөндөр цивилинин нарктуу касиеттери аныкталып, номаддардын салттарынын уникалдуулугун жана ааламдашкан дүйнөгө интеграциялоо мүмкүнчүлүктөрү изилденип жаткандыгын баса белгилөө керек.

Номаддар жана номадизм экономиканын адистешкен мал чарбачылык багыты жана бүтүндөй адамзат тарыхындагы эволюция катары өнүгүүнүн узак жолун басып өтүштү. Көчмөдөр феномени сейрек кездешкен, кадимкиге окшобогон уникалдуу көрүнүштү гана туюндурбастан, тескерисинче, абдан кеңири жайылган, эң башкысы, натыйжалары боюнча ааламдык мааниси бар көрүнүш. Номадизм феномени төмөнкүлөр:

1. Өзүнүн натыйжалары боюнча жана Австралия менен Американын кээ бир жерлерин кошпогондо, дүйнөнүн бардык жактарында кеңири тарагандыгында.

2. Түрктөрдүн көчмөн цивилинин доорунда билим, илим, архитектура эң кеңири өнүккөн. Европалык аалимдердин өзүлөрүнүн пикири боюнча көчмөндүк жашоо өкүм сүргөн доорлордо «адам жөнүндөгү жана коом жөнүндөгү илимдердин алдындагы маанилүү маселелер» боюнча Чыгышта так ушул тармактар кеңири масштабда жана ийне-жибине чейин иштелип чыккан» [16. 40-б.].

3. Ар түрдүү коомдор менен маданияттардын ортосун кеңири байланыштырган: Анын чарбалык гана эмес, социалдык, саясый жана тарыхый жактан да өзгөчөлөнгөндүгүндө болгон.

4. Көчмөндөрдүн тышкы дүйнө, шаарлар менен б.а. чарбалык, маданий, социалдык жана саясый мааниси башка коомдор менен, ажырагыс жана зарыл байланышында [5, 67-70-бб.].

5. Көчмөн түрк элдеринин ар биринин кайталангыс рухий турмушу, поэзиясы, каадасалты, табигат менен ымалашып жашаган бөтөнчөлүгүндө. Кыргыз түрктөрдүн «Манас» мухиттей эпосу жана дүйнөнүн бир да элинде кездешпеген «Манасчылык»- өнөр көчмөндүк цивилдин мөмөсү эмеспи. Кыргыздардын дүйнө таанымын билүү, өнүккөн тарыхый ишмердигин руханий аракеттин бир бөлүгү катары чагылтуусу, ата мурастарын өзүнө сиңирип алуусу, адеп-ахлактарындагы мыкты салттарын, акылмандыгын, коомду жана адамды социалдык аңдап билүүсү салт катары көчмөндүктүн көп кылымдар бою муундан-муунга өтүп келген. Кыргыздардын «Теңирлик ишеними», Манас эпосу, ондогон тармак эпостору, жаңдуу санжыра- тарыхтары, 15 миңден ашык макал-лакаптары жана учкул сөздөрү, комуздун күүлөрү, боз үй, аттын өтө кооздогон, көркөмдөгөн буюмдары-мунун баары элдин социалдык эс-тутумунун жардамы менен байыркыдан 21-кылымга чейин сакталып келген. Эл аралык социология Институтунун 2004-жылы 7-11-июлда Кытай Республикасынын борбору Пекин шаарында өткөн 36-бүткүл дүйнөлүк Конгрессинде кыргыз элинин дүйнөдө сейрек кездешүүчү көчмөндүк руханый байлыктары бүткүл дүйнөлүк социологиялык билимдин жана маданияттын казынасына кошкон салымы катары жогору бааланган [6.88-98-бб.].

6. Түрктөрдүн көчмөн цивилинин маалында математика, астрономия, медицина, шаарлар, архитектура жана философиялык, социалдык, гуманитарлык илимдердин гүлдөгөн доору болуп, жалаң эле түрк тилдүү элдердин орток акыл-эси, ой-толгоосу болуу менен, Европа-Азиялык, жалпы чыгыштык деңгээлдеги билим-илим болуп дүйнөлүк социалдык акыл казнасына баа жеткис салым кошушкан. Мисалы: Абу Наср-Ибн Мухаммад аль-Фараби (биздин замандын 870-950-жылдары); Махмуд Кашгари (Барскани) (1008-1075), Жусуп Баласагын (1018-1070), Ибн-Халдун (1332-1406) ж.б. Чыгыштын өткөн көчмөндүк цивилдин өкүм сүргөн доорлорунда улуу ойчул генийлердин чыгармалары XXI-кылымда да акылдуулуктун булагы болуп калаарын тарых тактоодо [14, 382-435-бб.]. Булардын катарына көчмөндүк доорлордо жашап өткөн даанышмандарды унутпашыбыз керек. Алар: Фирдоу, Жами, Саади, Физули, Омар Хаям, Мухаммед аль- Хорезми, Абу Бакир ан-Наршахи, Абул-Уафа ал-Бозжани, Абу Райхан ал-Бируни, Рашид ад-Дин, Абулгазы Бахадур, Кадыргали Жалайри сыяктуу жүздөгөн кайталангыс алптарыбыздын, тарыхчы, астролог, математик, физик, философ жана географ окумуштуулар болушкан. Улуу замандаш ойчулубуз Чыңгыз Төрөкул уулу Айтматов: «Түрктөр деген аталмада мекендеп жүргөндө өмүр сүргөн бул бабалардын баары орток, бир чамгарактын астында керегеси керилип, бир тилде сүйлөгөн жок беле?..... Акылмандардан калган дарыядай даркан мурасты таламайга салбай, төкпөй-чачпай, эмне болсо да маселени биргелешип чечишели... азыркы улуттарга бөлүнгөнгө чейинки элдерибиздин жери, тили, тарыхы, салт-санаасы бир экен, эмесе ошол улуу алптарыбыздын ысымы да, эмгеги да баарыбызга орток»- деп эскерткен [7, 279-280-бб.].

7. Евразия кең мейкиндигиндеги мамлекеттердин 50 пайыздан ашыгы дүйнөлүк цивилдер тарыхында түрк көчмөндөрдүн аскерий жүрүштөрүнүн натыйжасында пайда болушкан [9, 465-477-бб.].

8. Түрк көчмөндөрү уйду, жылкыны, төөнү, койду маданиятташтырышкан. б.а. үйгө, колго үйрөтүшкөн. Этти, сүттү тамак-азык катары пайдаланышкан, жүндөн, териден кийим-кечени, үй-буюмдарын жана боз үйдүн кийиздерин башкаларга салыштырганда эң эрте өздөштүрүшкөн.

9. Түрк көчмөндөрдү темирден жасап, курал-жарактын жана согуш иштеринин технологиясын өнүктүрүүдө зор жетиши ийгиликтерге согуштарда колдонгон көптөгөн жаңы куралжарактары XX кылымга чейин пайдаланылып келгендиги тарыхта кеңири маалым [18, 8-26, 86-110, 187-201, 251-262].

Ошентип, көпчүлүк Евразия аймактарынын тарыхый өнүгүшүндөгү түрк көчмөндөрдүн орду көп кырдуу жана алардын экономикалык, маданий, аскерий өнүгүүгө тийгизген таасири чоң.

Болжол менен эки жарым миң жыл бою Евразия талааларынын түрк көчмөндөрү көпчүлүк учурларда отурукташкан элдерге караганда жана өлкөлөргө аскерий үстөмдүк кылып турушкан, бул алардын саясый жана экономикалык чөйрөлөрдөгү өз ара мамилелеринен түзмө түз чагылып турган. Түрк номаддары өз жеңиштери менен улам жаңы мамлекеттерди түзүшүп, дүйнөнүн бардык булуң-бурчтарына көптөгөн маданий жаңылыктарды, өз институттары менен

бийлик типтерин таратышкан. Белгилүү тарыхчы жана этнолог, дүйнөгө таанымал көчмөндөр цивилин изилдөөчү казак окумуштуусу Н.Э. Масановдун (1954-2006) пикири боюнча, «көчмөндөр бытыраган, локалдуу мүнөздөгү дыйканчылык дүйнөлөрдү бирдиктүү планетардык аймакка баш коштуруп, Колумбга чейин эле дүйнөнү ааламдаштырууну башташкан», «отурукташкан-дыйканчылык коомдорду белоктуу тамак-аш менен камсыз кылышкан, бул отурукташкан калктын жашоо сапатын жакшыртып, алардын тамактануу рационун байытууга шарт түзгөн» [11, 156-160-бб.].

Демек, дүйнөлүк цивилдүүлүктүн өнүгүшүндө көчмөндөрдүн орду чоң, а көпчүлүк учурларда алар чечүүчү мааниге ээ болушкан.

Номаддар отурукташкан-дыйканчылык цивилизациялар үчүн кол жеткис болгон маданий маалыматтарды алыскы аралыктарга жана тез жеткирүүчү коммуникациялар тутумун түзүшкөн. Көчмөнчүлүк жашоо ыңгайы калктын миграциясын стимулдаштырып, ал өз кезегинде көчмөндөр менен отурукташкан – дыйканчылык калктардын ортосундагы байланыштардын чегиндеги этногенетикалык өзгөрүүлөрдүн катализатору болушкан. Ушундай жол менен руханий маданият, социалдык психология, идеология баалуулуктар тутуму таратылган. Өзгөчө, талаа жашоо ыңгайы, ой жүгүртүү курамы, дүйнөгө жаңы көз караштарды калыптандырган. Көчмөн элдердин мобилдүүлүгү, коомду жаңыча уюштуруу жана «ат-чабандес» дихоматиясы менен биргеликте зор күчтү, бардык номаддар коомдорун түзүшкөн. Көчмөн түрк цивили дүйнөлүк цивилдердин өнүгүүсүнө кошкон салымы өтө зор, аны өлчөп алуу да татаал. Арийне, уникалдуу көчмөндүк тиричилик жашоосу жана номаддарча ойлонуу жөндөмдүүлүгү өз ичине азыркы ааламдашкан дүйнөгө өтө зарыл болгон нерселерди камтыган. Бул – чексиз ачык-айрымдуулук, ар кандай көз караштарга толеранттуу мамиле, жогорку мобилдүүлүк, рухтун күчтүүлүгү жана интеллектуалдык эрк. Ошентип, көчмөнчүлүк – бул диалогдун жана руханий, социалдык-экономикалык жана саясий чөйрөлөрдө эркин саякаттоо, жаңылыктарды изденүүгө жөндөмдүүлүк. Азыркы кезде Улуу талаа көчмөн цивилизациясынын көптөгөн баалуулуктары, илимий мамилелер жана теориялар кайра каралууда. Ошентип, көчмөндүк жашоо ыңгайы жергилктүү калктын материалдык маданиятына, руханий байлыктарына жана маданий салттарына, менталитетине жана психологиясына, анын коңшулаш элдер менен болгон мамилесине чоң таасир эткен.

Ошондой болсо да, кечээ жакынга чейин цивилдер теориясында жана тарыхында көчмөн коомдордун цивилдик түзүлүшүн, цивилдик түзүлүш жана анын динамикасын талдоо дээрлик болгон эмес. Мисалы, цивилизациялар маселелерин изилдөөчүлөрүнүн алгачкыларынын бири, орус окумуштуусу Н. Данилевский көчмөндөрдү өздөрү цивилизация жараптпаган, бирок, баштапкы жарыбаган абалына кайра келип, тарых аренасынан биротоло из суутуш үчүн түбү болпоң цивилдер калдыктарын «кудайдын шапалагы» сымал жылас кылып, өлүп жок болушуна көмөктөшкөн «тарыхтын кара жолтой жаратуучуларына» деген [10, 59-61-бб.].

Британиялык цивилизациялар маселелерин изилдөөчү, Арнольд Тойнби, «өнүгүүсүнүн токтоп калышына» [12, 181-186] жана кийинчерээк өлүп жок болушуна байланыштуу көчмөндөр цивилизациясын «сенек» деп эсептеген, ал эми көчмөндөрдү «варварлар» [12, 541-555-б.] деп атоо менен көчмөнчүлүк цивилин дүйнөлүк цивилизациялардын катарына кошкон эмес.

Түрктөрдүн көчмөн цивилине «байкамаксан» мамиле совет доорунда расмий саясатта жана жарыялоолордо өкүм сүргөн. Совет мезгилиндеги жарык көргөн дээрлик бардык эмгектерде, анын ичинде «Большая советская эниклопедиянын» (үчүнчү басылышы, М., 1973) беттеринде, ошондой эле «Сравнительное изучение цивилизаций» хрестоматиясында (түзүүчүсү, редактору жана баш сөзүн жазган философия илимдеринин доктору, профессор Б.С. Ерасов, М: Аспект Пресс, 1999. –556-б.) бүтүндөй көчмөндөр цивилин жана айрыкча Евразия Улуу талааларын жердеген көчмөндөр цивилин изилдөө эле эмес, түшүнүк да таптакыр жок.

Ошол эле учурда улуу Чыгыш таануучу Л.Н. Гумилев түрк көчмөн цивилдеринин жана талаа элдеринин «кем баалуулугу» тууралуу маселеге биротоло чекит коюп жана «бүт дүйнө жүзүн Европанын варварлык оро-парасы» катары эсептеген, евроцентризмдин чабуулун төгүнгө чыгаруучу мезгил жеткендигин бир канча жолу белгилеген жана «түрктөрдүн этногенез пассионардуулугу» жөнүндө теорияны аныктаган [13, 35-б., 14,15-журналы].

III. Түрк Дүйнөсү: Бүгүн жана Келечеги

Биз түрктөрбүз, тамырыбыз бир, биримдикте, ынтымакта гүлдөтөбүз!

Түрк элдери-байыртадан чынар теректей тамырланууда, бутактуу да болушуп, көптүгү

жана маданиятынын, тилинин, тегинин жалпылыгы менен айырмаланып келген өзгөчө калктардан.

Эгерде чынар теректин тамырынан – 36 түрк калктары, саналса XXI кылымдын башталышында –чынар теректин бутактарынан – 44 түрктүн наамдары саналды. Булардын көп болушу ыктамал.

Теңир Тоодо төрөлүп, төгөрөктүн төрт бурчунда ат чаптырган даңктуу чабуулчу, жүрөгүндө комуз кылдарын ойнотуп, Коркут Ата рухун ташыган акылман, бир күндө мамлекет кырып, бир түндө хандык курган эр жүрөк аскер, ташка өлбөс жазуу жаздырган Билге Кагандын неберелери, көк асман сымал асабалары менен бөрү баштуу тууларын көккө көтөргөн алп адам, коркокторго Улуу кытай дубалын тургуздурган Мете хандын жана алардын хандыгын басып алган улуу түрк болгон. Учурда жашап жаткан мамлекеттердин көбү дүйнөдө жок кезде, түрктөр, мамлекет куруп, көчмөн цивилин гүлдөтүп, бул дүйнөнүн тартибин сактаган. Гундар жана Көктүрктөрдүн аркасы менен түрк ысымы миң жыл мурун бүткүл ааламга угузуп, дүйнөлүк көз карандысыздыкка жеткен. Көк асман чатыры күн түрктөрдүн асабасы болгон. Күчү бир гана кылычтын курч же билегинин күчтүүлүгүнө байланыштуу эле. Улуу салты, ишеничи, мамлекети жана баа жеткис маданияты түрктөрдү башка элдерден жогору койгон. Улуу аалим атабыз Махмуд Кашкари да: «Мен Теңирибиздин мамлекет күнүн Түрк жылдыздарында жаратканын жана көктөгү бардык нурларды алардын үстүнө бурганын байкадым. Теңир аларды түрк аты менен атап, аларга жер жүзүндө үстөмдүк кылдырды», Ошентип түрк болуунун куттуулугун миң жыл мурун бизге билдирип кеткен.

XX клымдын аягында Совет империясы тарап, Түркия Республикасына кошулуп түрктөрдүн дагы 5 азаттыктагы мамлекеттери пайда болуу менен улуу түрк биримдигине жеткирчү күн кыялдарыбызды көкөлөттү. Алар жер жүзүндө азырынча үстөмдүк этип турган өлкөлөрдүн кызыгуусун туудурган жерлерибизди коргоп, түрк атын дагы миңдеген жылдар бою жашатуунун жана аны келечек муундарга жеткирүүнүн бирден бир максаты болууда.

Азырынча көз карандысыз 7 түрк мамлекеттеринде 144900 миң калк жашап, дүйнөдөгү жалпы түрк калктарынын 58 пайызын түзөт. Күнкорсуз түрк мамлекеттери маданияттын жана цивилдүүлүктүн негизи, өзөгүн жогорулатып, түрктөрдүн асыл максаты болгон келечектин алтын ачкычы, анын коомдорунун коопсуздугунун күчүн жана биримдигин бекемделишине аракеттенет деген ишеним терең. Бул мамлекеттерде түрк маданияты, тили, келечектүү каада-салты, тагыраак айтканда жалпы түрктөргө тиешелүү руханий баалуулуктар таза сакталуу менен келечек муундарга жеткирилип, жалпы түрк цивилинин кеңейишине таасир этет деген түшүнүк бизде тереңдөөдө. (караңыз. Таблица №1)

Суверендүү мамлекеттердин (Россия федерациясы, Кытай Эл Республикасы, Молдовия жана Украина) курамында 13 автономиялык жобо менен жашаган 52 миллион 460 миң калк б.а. жалпы түрк элдеринин 20, 9 пайызы жашайт. (таб. 2).

Жер жүзүнүн Европа, Азия, Африка материктеринде таруудай тараган түрк элдеринин 52 миллион 790 миң адам өкүлдөрү №3 таблицада келтирилген.

Албетте, таруудай чачылган түрктөр жашаган жеринин мыйзамы, салты, маданияты менен күн көрүшүүдө. «Аймак кетет, салт калат» деген байыркыдан калган эреже да сакталышы өтө күмөндөр. Мындан 1300 жыл илгери Билге Каган «Эй Түрк калкы, үстүбүздөгү көк асман чөкмөйүнчө, алдыбыздагы кара жер жарылмайынча, сенин жериң менен салтыңды ким буза алат?»- деп кайрылган экен. Негизинен бул түрктөр өз общиналары менен жашаганы болбосо, көпчүлүгү мигранттардын абалында болуп, этностук, социалдык эркиндик ченелүү болуп, этностук, социалдык эркиндик ченелүү эмеспи.

Албетте, ар бир улуттун, этностун болушу рухий баалуулугу, эркиндиги жана көз карандысыздыгы ээлик кылган жана жасай турган маданий эстеликтерге байланыштуу. Цивилдүүлүк улуттук маданияттын өркүндөшүнөн пайда болуу менен, анан коңшу же жанаша жашаган элдердин жетишкен цивилдеринин алышы толук мүмкүн. Цивилдин мазмунун жана маңызын ташыган ар бир калктын материалдык жана руханий байлыктарын, аң-сезим, каада-салт, шаарлашуу жана жаңылануу менен илимде, технологияда өнүгүү жолундагы жетишкендиктердин бүтүндүгү болгон. Цивил өзүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүнөн улам эл аралык мүнөзгө ээ болгон. Демек, маданий, цивилдик каражаттар жана мүмкүнчүлүктөр канчалык бийик даражага кеткен сайын адамзаттын жалпы мүлкү болушу ыктымал.

**Түрктөр: Чынар теректей тамырлуу, бутактуу**



**Таблица 1** – Көз карандысыз түрк мамлекеттери

*Улуттук валюта, III. 2011-жыл*

| **МАМЛЕКЕТТИН АТЫ** | **Саны** | **%** | **Ар бир жаранга USD, $ менен** |
|---|---|---|---|
| Азербайжан Республикасы | 12.000.000 | 8,28 | 10, 900$ |
| Казакстан Республикасы | 17.400.000 | 12,0 | 12700$ |
| Кыргыз Республикасы | 6.200.000 | 4,27 | 2200$ |
| Түндүк Кипр Түрк Республикасы | 300.000 | 0,2 | - |
| Өзбекстан Республикасы | 31.000.000 | 21,3 | 3100$ |
| Түркия Республикасы | 72.000.000 | 49,68 | 12300$ |
| Түркмөнстан Республикасы | 6.000.000 | 4,14 | 7500$ |
| Баардык | 144 900 000 | 100 | 8116$ |
| Жалпы Түрк Элдери | **250 150 000** | **58** | |

**Таблица 2** – Автономиялуу түрк мамлекеттери

| **ӨЛКӨНҮН АТЫ** | **Саны** | **%** |
|---|---|---|
| Алтай Автом. Республикасы (Россия Ф.) | 300.000 | 0,57 |
| Башкирия (Россия Ф.) | 5.300.000 | 10,10 |
| Кабардина-Балкария (Россия Ф.) | 1.200.000 | 2,28 |
| Чуваш (Россия Ф.) | 1.800.000 | 3,43 |
| Дагистан (Россия Ф.) | 3.500.000 | 6,67 |
| Карачай–Черкес Республикасы (Россия Ф.) | 700.000 | 1,33 |
| Татарстан (Россия Ф.) | 4.500.000 | 8,57 |
| Тува (Россия Ф.) | 388.000 | 0,72 |
| Якутия (Россия Ф.) | 1.200.000 | 2,28 |
| **Россия Боюнча Баары** | **18 888 000** | **35,95** |
| Чыгыш Түркстан (Сын Уйгур Автон. Респ.) (Кэр) | 30.000.000 | 57,18 |
| Крым Татарлары (Украина) | 1,973,000 | 3,75 |
| Каракалпак (Өзбекстан ) | 1.400.000 | 2,66 |
| Гагауз (Молдова) | 200.000 | 0,38 |
| Баардык | 52 460 000 | 100 |
| Жалпы Түрк Элдери | **250 150 000** | **20,9** |

**Таблица 3** – Өз мамлекеттүүлүгү болбогон түрк калктарынын жайланышы

| **Түрк калктарынын аты** | **ЖАШАГАН ЖЕРЛЕРИ** | **Саны** | **%** |
|---|---|---|---|
| Иран Азерийлери | Иран | 30.000.000 | 56,82 |
| Кашкайлар | Иран | 2.500.000 | 4,73 |
| Ногойлор | Россия Федерациясы, Түркия, Румыния Жана Түрк Республикалары | 400.000 | 0,75 |
| Ахыска Түрктөрү | Грузия, Россия, Түрк Мамлекеттери, Европа Жана Акш | 500.000 | 0,94 |
| Балкан Түрктөрү | Греция, Болгария Жана Мурунку Югославия Мамлекеттери | 1.000.000 | 1,89 |
| Ирак Түркмөндөрү | Ирак | 3.500.000 | 6,62 |
| Качарлар | Ирак | 30.000 | 0,05 |
| Карай Түрктөрү | Россия Жана Израель | 100.000 | 0,18 |
| Кырымчактар | Крым | 10.000 | 0,018 |
| Камук Түрктөрү | Россия-Кавказ-Дагистан | 500.000 | 0,94 |
| Саларлар | Кытай | 200.000 | 0,37 |
| Долгандар | Россия | 10.000 | 0,018 |
| Шорлор | Россия | 20.000 | 0,037 |
| Сирия Түрктөрү | Сурия | 1.500.000 | 2,84 |
| Югурлар | Кытай | 20.000 | 0,037 |
| Халачлар(Калачтар) | Иран-Афганистан | 200.000 | 0,37 |
| Шахсевендер | Иран | 300.000 | 0,56 |
| Наймандар | Монголия, Казастан, Түркия, Россия | 3.000.000 | 5,68 |
| Европа Түрктөрү | Биринчи Германия Болуу Менен Бирге Башка Европа Өлкөлөрүндө | 9.000.000 | 17,0 |
| Баардык | 52 790 000 | 52790000 | 99, 85 |
| Жалпы Түрк Элдери | 250 150 000 | | 21,1 |

Цивилдүүлүктүн жолунда жүрүү жана ийгиликтүү болуу, өз учурунда маданияттын жетишкендиктерине иденттешүүсү цивилдик жашоонун шарты. Цивилдик эстелик жаратуу жөндөмдүүлүгүн жоготкон элдер, эркиндик жана көз карандысыздыгынан ажырап калышы толук ыктымал.

Демек, цивилдүүлүктүн жолунда жүрүү, илимдин, техниканын жана технологиянын жетишкендиктеринен ийгиликтүү пайдалануу жашоонун эң жөнөкөй шарты. Цивилдүүлүктүн жолунда жаңы ийгиликтерге жетишкен улут, этнос гана ааламдаштыруу, америкалаштыруу жана батышташтыруу заманында жашап кетиши убакыттын өтүшү менен өзгөрүүгө, өнүгүүгө жана жаңыланууга милдеттүү. Бул мыйзам катаал заманга туш болгон түрк элдеринин ийгиликтүү иденттешүүсү үчүн өзгөчө баалуу.

IV. Иденттештирүү – ааламдашуу шартында түрк цивилин жаңыча түптөөгө көмөктөшөт.

Иденттүүлүк – инсандын ошондой эле улуттун, калктын башкалардан айырмаланган же бирдейлигин сезе турган сапаттарынын, ишениминин, идеясынын жыйынтыгы. Инсандын же улуттун бул өзгөчө сапаттары, ишеними жана идеясы алардын маданиятына, тактап айтканда анын цивилинин деңгээлине, өзгөчөлүгүнө тиешелүү. Иденттештирүүлүк – бул инсандын же улуттун цивилдүүлүгүнүн эл аралык деңгээлге көтөрүлүшү. Канчалык цивилдүүлүк эл аралык деңгээлге көтөрүлсө, ошончолук иденттүүлүк бекемделет. Иденттүүлүктөрдүн калыптанышына жана бекемделишине – атап айтканда өлкөлүк, жарандык, улуттук, этностук, маданий, диндик, саясый чөлкөмдүк-аталган иденттештирүүлөрдүн деңгээлине коомдо үстөмдүк эткен идея, идеал баалуулуктар жана мамлекеттин саясаты, ошондой эле башкаруучу элитанын билим, каада-салт, символ, элес, көпчүлүк маалымат каражаттары аркылуу жүргүзгөн иш-чараларынын жыйынтыгына түздөн-түз көз каранды. Маселенин мындай коюлуп жатканынын тарыхый себептери бар эмеспи. Түрк цивилинин жаңыча түптөлүшү үчүн мезгилдин саясый коомдук шарттарын байыркы жалпы түрктөр көчмөндөрү дүйнөлүк жана локалдуу цивилдерди түптөшүп, гүлдөтүп жүздөгөн жылдар бою Евразия кең талаасында үстөмдүк эткени тарыхта маалим. Огуз түрктөрү 11-кылымда эле кичи Азия жарым аралын (Анадолуну) ээлеп, Европанын батыш жагын жана түндүк Африканын кең мейкиндигине чейин Осмон империясын аймагы 24 миллион м2 чейин кеңейтип, XX кылымдагы биринчи дүйнөлүк согушта тараган.

Кичи Азия жарым аралында Ататүрк Мустафа Кемалдын даанышмандык саясаты менен жаңы Түркия Республикасын курган түрк эли XX кылымда эле өткөн тарыхын улап, маданият жана цивил негиздерин, өзөгүн мурункудан да мыктылап жогорулатууга жетишти.

XX кылымдын акырында Советтер Союзу согушсуз кулап, жаңы Азербайжан, Казах, Кыргыз, Өзүбек, Түркмен сыяктуу азаттыктагы түрк мамлекеттери пайда болду.

Түрк эмес мамлекеттердин курамдарында 52,5 миллион калкы бар (дүйнөлүк элдердин 20,9% түзөт) түрк элдери автономиялык статус менен, 52,8 миллион калкы бар жалпы түрк элдеринин (21, 2% түзгөн) түрк элдери таруудай тарап, Европанын, Азия, Америка материктеринин кең мейкиндиктеринде жашоодо.

Демек, «түрк дүйнөсү» деген түшүнүк XXI кылымдагы негизинен географиялыктык жана маданияттык болуп сакталууда. Алардын экономикалык, социалдык жана саясый абалдары ар башка болушу толук ыктымал. Түрктүк иденттештирүү негизинен өз алдынча азаттыктагы түрк мамлекеттеринде азырынча жүрүшү толук мыйзамдуу көрүнүш.

Демек, түрк дүйнөсү – ар кандай географиялык, аймактык, саясый шарттарда жашаганына карабастан жана тили, маданияты, салты, тукуму бирдиктүү окшоштуктары жөнүндө болушу мүмкүн. Анткени, биз түрк дүйнөсүнүн жаңы доорунда жашап жатабыз. Иденттештерүүнүн жана иденттүүлүктүн бирдиктүү түрк коомун өнүгүшүнүн жана алардын цивилге тийгизген таасирин аныктай алабыз. Маселе ошондо – доордук, салттык, замандаштык коомдордон кийинки түшүнүктөргө кандай маани берет? Келечектеги макросоциалдык «иденттештирүү» жана «утопиялык» кандай өзгөрүүлөр болот? Кийин салттуу коомдон иденттештирүүнүн жүрүшүн тактоого болот, анткени негзиги социалдык институтташкан багыттардын сакталышы коркунучсуз, чыр-чатаксыз түрктүк жарандык иденттештирүү долбоорлорун аткарууга мүмкүн деген ишенич түптөлүүдө.

«Жарандык иденттүүлүк», «жарандык коом», «укуктук мамлекет», «адам укугу», «коомдук кокунучсуздук», «улуттук коопсуздук» жана «түрктүк маданий-цивилдик иденттүүлүк», «руханий», «маданий-экологиялык цивил» деген түшүнүктөр XXI кылымдын жаңы маданий-тарыхый шартында пайда болушу толук ыктымал. Иденттештирүүнүн күчөшү менен ар бир азаттыктагы түрк элдеринин мада-

нияты өгүгөт, цивилдүүлүктүн кубаты күчөйт. Ар бир түрк элинин материалдык жана руханий байлыктары, аң-сезим, маданият, шаарлашуу жана жаңылануу заманына жараша кебетелениши менен илимде, техника, технология өнүгүү жолундагы идентештирүүнүн жаңы деңгели түрк цивилинин эл аралык деңгээлге көтөрүлүшү айгинелейт. Салттулук, өзгөчө жаңы калыптанган түрктүк жарандуулуктун, маданияттын, идентүүлүгү, бирдиктүү мамлекеттүүлүгү күчөйт. Демек, акыл-эстүүлүк менен табыгый жүргөн жана түрк мамлекеттеринин жана коомчулуктарынын идентештирүү боюнча саясаттары түрк цивилинин жаңы деңгээлге көтөрүлүшүнө көмөктөшөт.

Ошентип, түрк цивилинин жаңы тарыхый шартта түптөлүшү социалдык чакырык, кантип, кандай каражаттар менен жооп болот? Бул суроо жалпы түрк элдеринин жана цивилинин XXI кылымдагы тагдырына жараша чечилет го.

Кантип, кандай каражаттар, күчтөр менен түрк цивили ошондой болоорун тактап, иликтеп бере турган жыйынтыкталган социологиялык жана башка изилдөөлөрдү жүргүзүү мезгилдин талабы.

2013-жылдын ноябрь айында «Түрк дүйнөсүндөгү идентештирүүнүн абалы жана цивилдин келечеги» деген темада эл аралык илимий конференцияны өткөрүүнү пландаштыруудабыз.

Албетте, түптүү түрк цивилин максаттаган идентештирүү үчүн өтө жооптуу эрк жана натыйжалууу саясат зарыл экендигин танбайбыз.

Доордун чакырыгына нарктуу түрк элдери татыктуу жооп берерине толук негиздер бар.

**Адабияттар**


1 Ататүрктүн сөздөрдү жана билдирүүлөрү. – Анкара, 1989. – 500-б.
2 Сулейманев Олжас Омарович, Эссе, публицистика, стихи, поэмы. АзиЯ. – Алма-Ата: Жалын, 1989. – 592 с.
3 Олжас Сулейманев. Язык письма. Взгляд в доисторического происхождения писменности и языка малого человечества. – Алматы: Рим, 1998. – 500 с.
4 Өндөр Гөчкүн. Ататүрк улуттук маданият жана цивилизация. – Анкара. 2010; Метин Айдоган. Түрк цивилизациясы. – Измир. 2006; Халюк Таржан. Дүйнөлүк цивилизациялардын тамыр маданияты. Түрк циивилизациясы. – Истамбул. 2012.
5 Крадин Н.Н. Кочевничество в цивилизационном и формационном развитии //Цивилизация. 3-вып. – М.: Наука, 1995.
6 Кусеин Исаев. Кыргыз элинин дүйнөлүк социологияга кошкон салымы. Китеп: 2005-жыл Кыргызстандын кайра жаңылануусунун башаты. – Бишкек: Шам, 2005. –296 б.
7 Чыңгыз Айтматов, Мухтар Шаханов / Аскада калган аңчынын ыйы. Кылым кырындагы сыр ачуу) «Учкун» АК. – Бишкек, 2001. – 415 б.
8 Бащиева С.М. Историко-социологический трактат Ибн-Халдун «Муккадима». – М., 2005.
9 Хазанов А.И. Кочевники и внешний мир. Толукталып 3-басылышы. – Алматы: Дайк-Пресс, 2002. – 604 б.
10 Данилевский Н.Я. Россия и Европа: взгляд на культурные и политические отношения славянского мира к Германо-Романскому. – СПб., 1995. – 345 б.
11 Масанов Н.Э. Кочевая цивилизация казахов: основы жизнедеятельности номадного общества. – Алматы: Социвест-Горизонт, 1955. – 270-б.
12 Тойнби А. Дж. Постижение истории. Англис тилинен которулган. – М: Прогресс, 1991. – 736б.
13 Гумилев Л.Н. Древние тюрки. – М., 1953. – 520 б.
14 Гумилев Л.Н. Люди и природы Великой степи. Опыт обьявления некоторых деталей истории кочевников (Вопросы истории, 1997. – №11).
15 Гумилев Л.Н. Ритмы Евразии (журн. «Евразия», 2001. – №2).
16 Конрад Н.И. Запад и Восток. Статьи. Восточная литература. Главная Редакция. – М., 1972. – 495 б.
17 Кусеин Исаев. Кыргыз таануу маселелери. –Б., 2013. – 475 б.
18 Роль номадов евразийских степей в развитии мирового военного искусства. Научные чтения памяти Н.Э. Масанова. Сборник материалов международной научной конференции. – Алматы, 2010. – 400 с.


**References**


1 Ataturktun sozordu zhana bildiruuloru. – Ankara. 1989. – 500b.
2 Suleymenov Olzhas Omarovich, Esse, publicistika, stikhi, poemy. AziYA- Ama-Ata: Zhalyn, 1989.-592 s.
3 Olzhas Suleimenov. Yazik Pis'ma. Vzglyad v doistoricheskogo proiskhozhdeniya pis'mennosti I yazika malogo chelovechestva. – Almaty: rim. -500s.
4 Ondor Gokchun. Ataturk uluttuk madaniyat zhana civilizaciya.-Ankara 2010; Metin Aidogan. Turk civilzaciyasy. – Izmir 206; Halyuk Tarzhan Duinolik civilizaciylardyn tamyr madaniyaty. Turk civilizaciyasy. – Istambul 2012.
5 Kradin N.N. Kochevnichestvo v civilizacionnom I formacionnom razvitii // Civilizaiya . 3-vyp. –M.: Nauka, 1995.

6 Kusein Isayev. Kyrgyz elinin duinolik sociologiyaga koshkon salymy. Kitep: 2005-zhyl Kyrgyzstandyn kaira hanylanuusunun bashaty. –bishkek: sham, 2005.-296 b.
7 Chingiz Aitmatov, Mukhtar Shahanov / Askada kalgan anchinin yiy. Kylym kyryndagy syr achuu) “Uchkun” AK, Bishkek. 2001. -415 b.
8 Bashieva S.M. Istoriko-sociologicheskii traktat Ibn-Haldun “Mukkadima”, -M., 2005. Vestnik KazNU. Serya psikhologii I sociologii. #3(50). 2014 190 Turk civilin orkundotudo identteshtiruunin maanisi zhonindo.
9 Hazanov A. I. Kochevniki I vneshnii mir. Tolyktaly 3-bsylyshy. – Almaty: Daik-Press, 2002. -604 b.
10 Danilevskyi N. Y. Rossiya I Evropa: vzglyad na kul’turnie I politicheskiye otnosheniya slavyanskogo mira k Germano-Romanskomu.-SPb. 1995-345 b.
11 Masanov N. E. Kochevaya civiliaciya kazakhov: Osnovy zhiznedeyatel’nosti nomadnogo obshestva. – Almaty: Socivest-Gorizont, 1995. -270-b.
12 Toyinbi A. G. Postizheniye istorii. Anglis tilinen kotorylgan. –M:Progress, 1991. -736 b.
13 Gumilev L. N. Drevnie tyurki. – M., 195
14 Gumilev L.N. Lyudi I prirody Velikoi stepi. Opyt obiyavleniya nekotoryh detalei istorii kochevnikov (Voprosy istorii, 1997.-#11)
15 Gumilev L.N. Ritmy Evrazii (zhurn. “Evraziya”, 2001. -#2).
16 Konrad N.I. Zapad I vostok. Stat’I . Vostochnaya literature. Glavnaya redakciya. – M., 1972.- 495b.
17 Kusein Isaev. Kyrgyz tanuu maseleleri. – B., 2013. -475 b.Masanova. Sbornik materialov mezhdunarodnoi nauchnoi konferencii. –Almaty, 2010.-400 s.
18 Rol’ nomadov evrazyiskih stepei v razvitii mirovogo voennogo iskusstva. Nauchnye chteniya pamyati N. E.